УДК 343.575.4-343.81 (575.2)
DOI 10.58649/1694-5344-2025-3-404-410

**БАЙГУБАТОВА Н.Р., ЭСЕНБЕКОВА А.Т., ЖУНУСОВА М.Ш.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ
**БАЙГУБАТОВА Н.Р., ЭСЕНБЕКОВА А.Т., ЖУНУСОВА М.Ш.**
КНУ имени Ж. Баласагына
**BAIGUBATOVA N.R., ESENBEKOVA A.T., JUNUSOVA M.SH.**
KNU J. Balasagyn

# ЭРКИНДИГИНЕН АЖЫРАТУУ ЖАЙЛАРЫНДА БАҢГИЗАТКА КАРШЫ КҮРӨШҮҮНҮН АКТУАЛДУУ КӨЙГӨЙЛӨРҮ

# АКТУАЛЬНЫЕ ПРОБЛЕМЫ БОРЬБЫ С НАРКОТИЗМОМ В МЕСТАХ ЛИШЕНИЯ СВОБОДЫ

# TOPICAL ISSUES IN COMBATING DRUG ADDICTION IN PLACES OF DEPRIVATION OF LIBERTY

**Кыскача мүнөздөмө:** Макалада Кыргыз Республикасынын пенитенциардык тутумунда баңгизат каражаттарынын мыйзамсыз таркатылышынын себептери жана шарттары ар тараптуу талдоого алынат. Авторлор бул көрүнүштөргө натыйжалуу каршы туруу үчүн комплекстүү активдүү чараларды ишке ашыруу зарылдыгын белгилешет. Аларды ийгиликтүү ишке ашыруу мамлекеттик органдардын, жарандык коомдун жана эл аралык уюмдардын тыгыз өз ара аракеттенүүсүн талап кылынат. Ошондой эле кылмыш-жаза мыйзамдарын өркүндөтүү боюнча сунуштарга көңүл бурулуп, Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 282-беренесинин 2-бөлүгүнө “тергөө изоляторунда, түзөтүү мекемелеринде, жана “жалпыга маалымдоо каражаттарын, компьютердик, маалыматтык-телекоммуникациялык тарамдарды, анын ичинде "Интернет" тарамын пайдалануу менен жасоо” деген жоопкерчиликти күчөткөн жобону толуктоо түрүндө киргизүү керектиги баса белгиленген. Изилдөөнүн максаты Кыргыз Республикасындагы эркиндиктен ажыратуучу жайларда баңгизат каражаттарынын мыйзамсыз таркатылышына каршы күрөшүү көйгөйлөрүн изилдөө жана талдоо. Изилдөөнүн жүрүшүндө анализ, синтез, структуралык-функционалдык, нормативдик-логикалык, комплекстүү таанып-билүүнүн заманбап жалпы илимий жана атайын ыкмалары колдонулду.

**Аннотация**: В статье проводится всесторонний анализ причин и условий незаконного распространения наркотических средств в пенитенциарной системе Кыргызской Республики. Авторы подчеркивают необходимость внедрения комплексных упреждающих мер для эффективного противодействия этому явлению, успешная реализация которых требует тесного взаимодействия между государственными органами, гражданским обществом и международными организациями. Даны предложения по совершенствованию уголовного законодательства, дополнив ч.2 ст.282 Уголовного кодекса Кыргызской Республики положением, ужесточающим ответственность за совершение деяния «в следственном изоляторе, исправительном учреждении», а также «с использованием средств массовой информации, компьютерных, информационно-телекоммуникационных сетей, в том числе сети Интернет». Целью исследования явилось изучение и анализ проблем борьбы с незаконным распространением наркотических средств в местах лишения свободы Кыргызской Республики. В ходе исследования использовались современные общенаучные и специальные методы познания: анализ, синтез, структурно-функциональный, нормативно-логический, комплексный.

**Abstract:** The article presents a comprehensive analysis of the causes and conditions contributing to the illicit distribution of narcotic drugs within the penitentiary system of the Kyrgyz Republic. The authors emphasize the necessity of implementing a set of integrated, proactive measures to effectively counter this phenomenon. The successful implementation of these measures requires close cooperation among government agencies, civil society, and international organizations. The article proposes amendments to the criminal legislation by supplementing Part 2 of Article 282 of the Criminal Code of the Kyrgyz Republic with provisions that enhance liability for committing such acts “in a pre-trial detention facility or correctional

institution," as well as "through the use of mass media, computer, information and telecommunication networks, including the Internet." The purpose of the study is to examine and analyze the challenges of combating the illegal distribution of narcotic drugs in places of deprivation of liberty in the Kyrgyz Republic. The research methodology is based on modern general scientific and special methods of cognition, including analysis, synthesis, structural-functional, normative-logical, and comprehensive approaches.

**Негизги сөздөр:** баңгизат; кылмыш; эркинен ажыратуу; статистика; коопсуздук коркунучу; соттолгон адам; түзөтүү колониясы; күрөш; көйгөйлөр.

**Ключевые слова:** наркотики; преступление; лишение свободы; статистика; риски безопасности; осужденный; исправительные колонии; борьба; проблемы.

**Keywords:** drugs; crime; deprivation of liberty; statistics; security risks; convicted; penal colonies; combating; problems.

Бангизат каражаттарын мыйзамсыз жүгүртүү азыркы замандын дүйнөлүк масштабдагы олуттуу көйгөйү болуп саналат жана ал мамлекеттердин саясый түзүлүштөрүнө, өнүгүү деңгээлдерине карабастан баардык өлкөлөрдүн талылуу жерине катуу тиет. Адистердин берген баалары боюнча жер планетасынын 200 миллиондон ашуун жашоочулары ар кандай түрдөгү баңгизаттарын колдонушат. Мунун ичинен 29,5 миллионго жакын адам (бул дүйнөнүн баардык эр жеткен калкынын 0,6 пайызын түзөт) баңгизаттарына көз каранды болуудан жана аны колдонуудан келип чыккан организмдин бузулууларынан жапа чегишет. Ал эми баңгизаттарын жашыруун сатып өткөрүүдөн мыйзамсыз алынган кирешелер дүйнөлүк соода-сатыктын 8 пайызын түзөт. [1] Ушундан улам БУУнун баардык негизги документтеринде жана анын адистешкен уюмдарында банги зат көйгөйү кокусунан эле көтөрүлүп жаткан жок.

Расмий фактыларга таянсак, дүйнөдө колдонулуп жаткан апийимдердин жана героиндердин 90 пайызы Афганистандыкы. Бул өлкөдө ар жыл сайын апийим себилүүчү аянт кеңейтилет, ушундан улам ал жашыруун иштеген банги зат рыногунун башкы сегменттеринин бирин контролдогон дүйнөлүк монополиске айланып калды. [2]

Айта кетчү нерсе, акыркы кездери Афганистанда салттуу апийим жана героин өндүрүүдөн тышкары синтетикалык баңги заттар – амфетаминдерди чыгарган лабораториялар көбөйдү. 2023-жылы Афганистанда героин өндүрүү 95 пайызга азайганы айтылганы менен, метамфетамин өндүрүшүндө дагы эле экспоненциалдуу өсүшү жөнүндө белгиленүүдө. [3]

Афганистанда даярдалган банги заттардын көлөмү (жыл сайын 375 тонна) кошуна өлкөлөр аркылуу өткөн негизги эки канал боюнча – Балкан жана Түндүк маршруттары менен бүткүл дүйнөгө ташылып жеткирилет. [4, 70-б.]


Балкан маршрутундагы банги заттар рыногунда жүгүртүлгөн банги заттардын жылдык көлөмү 20 млрд. долларды түзөт. Банги заттары Иран Ислам Республикасынын (бул өлкөгө өтүүдөн мурда Пакистанга көбүрөөк жайгашат), Турциянын, Грециянын, Болгариянын аймагын кыдырат жана андан ары Түштүк-Чыгыш Европа аркылуу Батыш Европа тарапка тарайт. Ал эми Түндүк маршрутунда жүгүртүлгөн банги заттардын жылдык көлөмү 13 млрд. доллар делинип бааланууда. Афганистандын банги заттары Тажикстан жана Кыргызстан (ошондой эле Өзбекстан, Түркмөнстан) аркылуу Казакстанга жана Россия Федерациясына жеткирилет. [5]

Ушинтип Кыргызстандын ыңгайлуу, пайдалуу географиялык жана транспорттук-коммуникциялык абалы өлкөнү ири транзиттик өткөөлгө жана бөлүштүрүүчү түйүнгө айландырды. Республикабыз аркылуу КМШ өлкөлөрүнө жана Европага жөнөтүлгөн банги заттардын ири көлөмү өтөт. Өзүнүн аймагы аркылуу банги заттарды ташуунун терс кесепеттерине өлкөбүз дайыма туш болуп жатат. Алсак, Кыргызстанда 2024-жылдын алты айында эле дээрлик 13 миң тоннага жакын тыюу салынган заттар кармалып, алынган (2023-жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 60%га көп) жана алардын арасында баңги каражаттары, психотроптук заттар жана прекурсорлор бар. [6]

Андан сырткары, Кыргыз Республикасында банги заттарын мыйзамсыз жүгүртүү менен байланышкан, каттоого алынган кылмыштарга жүргүзүлгөн талдоолор, бул жааттагы кылмыштардын өсүшүн көрсөтүп турат. Кызыгы, бул кылмыштардын көп көрсөткүчү 1995-2004-жылдары катталып (2623-3090 кылмыш), эң жогорку максимуму 2000-жылга таандык

(3539 кылмыш), ал эми 2015-2020-жылдары бул кылмыштардын азайганы байкалып (1864-795 кылмыш), кайра акыркы жылдары өсүшү көрүнүүдө (990-1371 кылмыш) [7] (1-сүрөт).


1-сүрөт. Кыргыз Республикасында баңгизаттарын мыйзамсыз жүгүртүү менен байланышкан кылмыштардын саны, 1991-2023 жылдарына карата




Жогоруда келтирилген фактылардан көрүнүп турган, акыркы жылдардагы банги заттарын мыйзамсыз жүгүртүү менен байланышкан кылмыштардын сандарынын кыскарышы ишенбөөчүлүктү жаратып, Кыргызстанга келген банги заттарынын көлөмү жана жасалган кылмыштар азайдыбы, же банги заттарды ташыгандарды, саткандарды кармоо иши начарлап кеттиби? – деген суроону жаратпай койбойт.


Ошону менен катар, Ички иштер министрлигинин расмий маалыматына ылайык, 2019-2023-ж.ж. банги заттарын мыйзамсыз жүгүртүү менен байланыштуу кылмыштардын түрлөрү боюнча кылмышкерлердин санынын кескин азайганын байкоого болот (2010-2018-ж.ж. салыш-уу). Тагыраагы, 2010-жылы – 1139 киши, 2011-жылы – 1287 киши, 2012-жылы – 1360 киши, 2013-жылы – 1462 киши, 2014-жылы – 1336 киши, 2015-жылы – 1259 киши, 2016-жылы – 1421 киши, 2017-жылы – 1190 киши, 2018-жылы – 1252 киши, 2019-жылы – 576 киши, 2020-жылы – 559 киши, 2021-жылы – 603, 2022-жылы – 767 киши, 2023-жылы – 743 киши [8] (2-сүрөт).

2-сүрөт. Кыргыз Республикасында баңгизаттарын мыйзамсыз жүгүртүү менен байланышкан кылмышкерлердин саны, 2010-2023 жылдарына карата



Сот департаментинин маалыматына ылайык, 2010-2018-жылдарда баңги заттарына байланышкан кылмыштар үчүн соттолгондордун саны 1200-1300 кишинин тегерегинде болсо, 2019-2023-жылдарда 700 кишинин айланасындагы көрсөткүчтө болууда [9] (3-сүрөт).

3-сүрөт. Баңгизаттарын мыйзамсыз жүгүртүү менен байланышкан кылмыштар үчүн соттолгондордун саны, 2010-2023-жылдарына карата




Республикалык психиатрия жана наркология борборунун маалыматына ылайык, 2024-жылдын 1-июнуна карата наркомания деген диагноз менен дарылоочу мекемелердин көзөмөлдүк эсебинде тургандардын саны 6 768 адам түзүп [10], мурдагы жылдардан азайганын көрүүгө болот. Мисалы, 2022-жылы бул көрсөткүч – 7 792 адам болсо, 2021-жылы – 8 403 адам, 2020-жылы – 8 508 адам, 2019-жылы – 8 781 адам, 2018-жылы – 8 966 адам түзгөн. [11]

Бирок эксперттердин айтымында, чыныгы көрсөткүчтөр расмий статистикадан алда канча жогору жана коркунучтуу болууда.

БУУнун баңги заттарга каршы күрөшүү башкармалыгынын маалыматтары боюнча Кыргызстандагы иньекциялык баңги заттарды керектөөчүлөрдүн саны 25 миң кишини түзөт [12], Бул көрсөткүч жогоруда келтирилген маалыматтагыдан 3,5 эсеге жогору. Ал эми пенитардык мекемелердеги баңгичилердин саны түрмөдөгү элдин 19 пайызын түзүшү мүмкүн. [13]

Бирок, кылмыш жазасын аткаруучу системанын мекемелериндеги 500гө жакын соттолгондор гана баңги заттарына көз каранды деп белгилейт Кыргыз Республикасынын жазаны аткаруучу мамлекеттик кызматы. Ушул көрсөтүлгөн категориядагы адамдар өтүшкөн оорулуу жана баңги заттарына көз каранды болуп эркиндиктен ажыратуучу жерлерге камалат. [14]

Сот тарабынан мындай адамдарга медициналык корутундунун негизинде, жаза менен кошо мажбурлап дарылоо дайындалат (Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин (121-беренесинин 1-бөлүмүнө [15] (мындан ары – КР КЖК) жана Жаза-аткаруу кодексинин 153-беренесинин 2,3-бөлүмдөрүнө ылайык [16] (мындан ары – КР ЖАК).

Ошону менен катар, баңги заттарына көз каранды эркинен ажыратылгандардын атайын дарылоо, социалдык реабилитациялоо жана адаптациялоо программаларына активдүү катышуусу, аларды жатак-абактарга которуу жана ошондой эле, аларга карата сыйлоо чараларын колдонуу, анын ичинде шарттуу түрдө мөөнөтүнөн мурда бошотуу маселелерин кароодо эске алынуучу аны түзөтүү жана кайра социалдаштырууга баа берүүнүн критерийлеринин бири болуп саналат (КР КЖКнын 88-беренесинин 2-бөлүмүнүн 1,5-пунктарына жана КР ЖАКнын 6-беренесине, 116-берененинин 4-бөлүмүнө ылайык [15]).

Айта кетчү нерсе, Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетине караштуу Жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматы (мындан ары – ЖАМК) тарабынан атайын түзөтүү мекемелеринин алдындагы Социалдык реабилитациялоо жана адаптациялоо борборлорунун концепциясы иштелип чыккан, анын максаты соттолгондордун ар кандай багыттардын реабилитациялык программаларын ийгиликтүү

аяктоосун камсыз кылуу аркылуу, аларды түзөтүү жана социалдаштыруу болуп саналат. Бул борборлорунда психоактивдүү заттарга (алкоголдук ичимдиктерге, баңги заттарына, психотроптук заттарга жана алардын окшошторуна) көз карандылыктан, девианттык жүрүм-турумдун ар кандай формаларына тенденциясы (көз карандылыгы), агрессиянын күчөшү, өзүн-өзү өлтүрүү жана өзүнө зыян келтирүү, ошондой эле деструктивдүү жүрүм-турумдун башка түрлөрүнөн жапа чеккен соттолгондорду социалдык, психологиялык жана медициналык реабилитациялоого жана ресоциалдаштырууга багытталган программаларды ишке ашырууну пландаштырууда.

Азыркы учурда төрт түзөтүү мекемесинде Социалдык реабилитациялык жана адаптация борборлору түзүлүп, иш алып барууда. Алар: №2 аялдар колониясында "Мээрим" борбору, №3 катуу режимдеги колониясында "Үмүт" борбору, №27 жалпы режимдеги колониясында "Ак ниет" борбору, жана №31-медициналык түзөтүү мекемесинде “Айкөл” борборлору. Жакынкы пландарда ЖАМК мындай реабилитациялык борборлорду дагы үч түзөтүү абагында, анын ичинде №14 тарбия колониясында ачууну айтууда. [17]

Түзөтүү мекемелеринде баңги зат каражаттарынын кеңири таркатылып жатышы Кыргыз Республикасынын пенитардык системасындагы олуттуу көйгөйлөрдүн бири болуп саналарын белгилей кетүү керек.

Расмий маалыматтар боюнча, Жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматы тарабынан 2021-жылы баңги заттарын мыйзамсыз жүгүртүү менен байланыштуу кылмыштардын бешөө катталган, бул укук коргоо органдары тарабынан аныкталган бардык баңги кылмыштарынын 0,5%ын түзөт. [18, 11-б.]

Ал эми, баңги заттарын мыйзамсыз таркатууга каршы күрөшүүчүлөрдүн жүргүзгөн иштеринин натыйжасында, түзөтүү мекемелеринен 2016-жылы 73 килограмм баңги зат каражаттары табылып, жүгүртүүдөн алынган. Мунун 13,5 килограммы мекемелердин өзүнөн, 13 килограмм мекемелерге кире бериштерден, 700 грамм мекемелердин аймагынан табылып, жүгүртүүдөн алынган. [19]

КРнын ИИМинин маалыматы боюнча Кыргызстандын жабык мекемелеринде баңги заттарын мыйзамсыз жүгүртүүдөн алынган ар жылдык пайда 370 миллион сомго (5,5 млн. долларга) жакынды түзөт. [20]

Кыргызстандын эркиндиктен ажыратуучу жайларына героин, гашиш, марихуана, апийим жашыруун жеткирилет. Ар кандай адамдар алып келген тамактар, буюмдар аркылуу баңги заттар алып өткөрүлөөрүн Кыргыз Республикасынын жазаны аткаруучу мамлекеттик кызматынын кызматкерлери моюндарына алышкан. Мисалы, өзүнүн баласынын тагдырына тынчсызданган соттолгон адамдын ата-энелери, соттолгон кишинин достору, тааныштары жакындары соттолгон адамдын жашоо шартын жакшыртууну, кадыр-баркын көтөрүүнү каалагандар, же болбосо арбын акча табууну каалагандар баңги заттарын жашыруун өткөрүшөт. Ошондой эле коштомо күзөтсүз жана коштоосуз жүрүүгө уруксаты бар соттолгондор башка соттолгондордун алдында кадыр-баркка ээ болууну жана алардын колдоосун алууну каалап, баңги заттарын жашыруун өткөрүшөт. Баңги заттарын тосмодон ашыра ыргытуу аракеттери да кездешет. [21; 22] Мисалы №19 түзөтүү колониясында бул максатта рогатканын пайдаланылганы белгилүү. [23, 25-б.]

Мындан сырткары, кылмыш жазасын аткаруучу системанын кызматкерлери түзөтүүчү мекемелерге баңги заттарын алып келишет, сатышат деген пикирлер да бар. [24] Ушул органдарда коррупция жок деп айтууга болбойт. [25; 26] Мындай булганыч ишке малынган кызматкерлердин ишинин майнаптуулугу эркиндиктен ажыраткан жерге баңги заттарын киргизүү мүмкүнчүлүгүнө жараша болот. [27, 510-б.]

Жабык мекемелерге баңги заттарын киргизүүчү жолдордун бар экендиги шексиз, ошондуктан аны табууга жана жылчыксыз жабууга көңүлдүн чордонун буруу керек. Ушундан улам түзөтүү мекемелерине баңги заттарын киргизүүчү каналдарды жабуу көйгөйү бүгүнкү күндөгү олуттуу маселелердин бири болуп саналат жана муну мыйзамдык деңгээлде чечүү талап кылынууда. Бирок түзөтүү мекемелеринде баңги зат каражаттарын мыйзамсыз жүгүртүү боюнча тиешелүү берене ушуга чейин Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинде жок.

Ушуга байланыштуу Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 282-беренесинин 2-бөлүгүнө [15], жосунду “Тергөө изоляторунда, түзөтүү мекемелеринде” жасагандыгы үчүн жоопкерчиликти катуулаткан жобону толуктоо түрүндө киргизүү керек деп эсептейбиз.

Ошондой эле мобилдик байланыштарды (“компьютердик, маалыматтык-телекоммуни-

кациялык тарамдарды, анын ичинде "Интернет" тарамы) пайдалануу менен банги зат каражаттарын таркатуу учурлары көбөйүп бараткандыгына байланыштуу (изилдөөлөргө таянсак, 2013-жылдан тартып мобилдик байланыш аркылуу банги затарын мыйзамсыз жүгүртүүнүн көлөмү көбөйө баштады. Мобилдик байланыш сатуучуларга жана кардарларга анонимдүү иш алып барууда жаны мүмкүчүлүктөрдү түзөт [1]) жана эркиндиктен ажыратуучу жерлерде ушул аталгандардын жеткиликтүү экендигин эске алып Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 282-беренесинин 2-бөлүгүнө [15], тиешелүү толуктоону киргизүү керек.

Банги заттарын пенитенциардык системада мыйзамсыз жүгүртүүнүн алдын алуу жана анын жүгүртүлүшүн болтурбоо көйгөйү системалуу мамиле жасоону талап кыларын баса белгилей кетиш керек. Буга каршы күрөшүүнүн укуктук механизмдеринде баардык ченемдик, уюштуруучулук жана маалыматтык дараметтерди пайдалануу, аларды иш жүзүндө колдонуу керек. [28] Кылмыш жазасын аткаруучу системада банги заттарынын мыйзамсыз жүгүртүлүшүнө каршы күрөшүүдө баардык каражаттарды комплекстүү пайдаланганда гана айкын жана оңдуу жыйынтыктарга жетишүүгө болот.

**Колдонулган адабияттар**


1. Всемирный доклад о наркотиках, 2024. – Режим доступа: https://www.unodc.org/documents/data-and-analysis/WDR_2024/languages/2412382R.pdf
2. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Баңгизаттарга каршы программасы: Кыргыз Респ. Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-августундагы № 445 токтому. – Кирүү режими: https://cbd.minjust.gov.kg/159421/edition/1187888/kg
3. Интервью регионального представителя Управления ООН по наркотикам и преступности (УНП ООН) в Центральной Азии Ашита Миттала: Наркоторговля в Кыргызстане: "синтетика" через Telegram // ИА «DW», 21.07.2024. – Режим доступа: https://www.dw.com/ru/novye-tendencii-narkotorgovli-v-kyrgyzstane-sintetika-cerez-telegram/a-69715169#
4. Князев А. К истории и современному состоянию производства наркотиков в Афганистане и их распространения в Центральной Азии: монография. –Бишкек, 2003, 140 б.
5. Незаконный оборот наркотиков: – Режим доступа: https://www.unodc.org/unodc/ru/drug-trafficking/index.html.
6. В Кыргызстане – эпидемия наркозависимости у подростков. Истории Мадины, Дмитрия и других пациентов // ИА “Настоящее время”, 29.06.204. – Режим доступа: https://www.currenttime.tv/a/v-kyrgyzstane-epidemiya-podrostkovoy-narkozavisimosti/33052208.html
7. Катталган кылмыштардын саны. – Бишкек: Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитетинин маалыматы, 2024. – Кирүү режими: https://stat.gov.kg/ru/statistics/prestupnost/
8. Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин расмий маалыматы. –Бишкек, 2010-2024.
9. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу сот департаментинин расмий маалыматы. – Бишкек, 2010-2024.
10. Интервью заведующего доцентским курсом психиатрии, психотерапии и наркологии КГМИППК Суйутбека Назаркулова: Врачи бьют тревогу, в КР растет число наркозависимых // ИА «Sputnik Кыргызстан», 27.06.2024. – Режим доступа: https://ru.sputnik.kg/20240627/kyrgyzstan-narkozavisimye-rost-narkolog-1086461342.html
11. Число заболеваний наркологическими расстройствами по видам и территории. – Бишкек: Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитетинин маалыматы, 2018-2022. – Режим доступа: https://www.stat.gov.kg/ru/opendata/category/5485/
12. Оценка численности лиц, употребляющих инъекционные наркотики (ЛУИН), в Кыргызской Республике. – Режим доступа: http://www.rcn.kg/uploads/files/Отчет%20по%20численности%20ПИН%202014.pdf.
13. 2017-2021-жылдарга Кыргыз Республикасында АИВ-инфекциясын жеңүү боюнча программа: Кыргыз Респ. Өкмөтүнүн 2017-жылдын 30-декабрындагы № 852 токтому. – Кирүү режими: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/11590/10?cl=ky-kg&mode=tekst.
14. Гайнанов Р. ГСИН: благодаря проводимой работе проникновение наркотиков в места лишения свободы исключено. – Кирүү режими: http://old.kabar.kg/society/full/94647.
15. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодекси 2021-жылдын 28-октябры №127 (КР 2024-жылдын 25-январындагы №27 мыйз. ред. ылайык). – Кирүү режими: https://cbd.minjust.gov.kg/3-38/edition/2087/kg
16. Кыргыз Республикасынын Жаза-аткаруу кодекси 2017-жылдын 31-январы №17 (КР 2025-жылдын 11-январындагы № 2 мыйз. ред. ылайык). – Кирүү режими: https://cbd.minjust.gov.kg/3-31/edition/25021/kg

17. В СИН организовали круглый стол, посвященный вопросам ресоциализации осужденных. – Кирүү режими: https://gsin.gov.kg/news/1873

18. Текущая ситуация со сбором данных и системой раннего предупреждения по наркотикам в Кыргызстане. Результат 2. Услуги технической помощи в целях совершенствования систем сбора и анализа данных и внедрения системы раннего предупреждения по наркотикам в странах Центральной Азии: Отчет CADAP, 2023, май, 21 с.

19. Жапаров Т. Некоторым заключенным передавали наркотики в соках. – Кирүү режими: https://www.vb.kg/doc/352304_taalaybek_japarov:_nekotorym_zakluchennym_peredavali_narkotiki_v_sokah.html.

20. В тюрьмах и колониях Кыргызстана в год потребляется около 200 кг героина. – Кирүү режими: https://kyrtag.kg/society/v-tyurmakh-i-koloniyakh-kyrgyzstana-v-god-potreblyaetsya-okolo-200-kg-geroina-smi.

21. Перехвачено большое количество наркотиков, предназначенных для переброски в места лишения свободы. – Кирүү режими: http://old.kabar.kg/law-and-order/full/114108

22. Сотрудники ГСИН организовали погоню за нарушителями, пытавшимися совершить переброс в ИК №8. – Кирүү режими: http://svodka.akipress.org/news:1359231?from=portal&place=last.

23. Тюремный кошмар Кыргызстана: доклад Крайсис груп., №118-Азия, 2006.

24. Эгизбаев У. В тюрьмах процветает наркобизнес? – Кирүү режими: https://rus.azattyk.org/a/27120109.html.

25. Байгубатова Н.Р., Сарманова Б.О. К вопросу о коррупциогенных факторах в деятельности уголовно-исполнительной системы Кыргызской Республики // Журнал зарубежного законодательства и сравнительного правоведения, 2018, №4 (71), 146-153-б.

26. Маманов Ч. Применение международно-правовых норм и средств в борьбе с коррупцией в Кыргызской Республике // Вестник КНУ им. Ж. Баласагына, 2020, №1-2, с. 93-97.

27. Ковалерова М.Г. Причины незаконного оборота наркотических средств и распространения наркомании в учреждениях уголовно-исполнительной системы: пути преодоления // Вестник ТГУ, 2012, № 12(116), с. 509-512.

28. Эсенбекова А.Т., Балтагулова Э.С. О конституционно-правовом статусе прокуратуры Кыргызской Республики // Вестник КНУ им. Ж. Баласагына, 2024, № 4(120), с. 188-193.

**Рецензент: ю.и.к., доцент Сарманова Б.О.**